# КЫРГЫЗЫМ, ТУЙГУНУҢ УЧТУ ТУУРУҢАН!

## БЕКМАМАТ ОСМОНОВ



1997-жылы 28-октябрда Москва шаарында операциядан кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл окулдор Жыйынынын депутаты, белгилүү коомдук ишмер Бекмамат Осмонов дүйнөдөн мезгилсиз кайтты.

Б. Осмонов 1946-жылы Базар-Коргон районунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал өзүнүн эмгек жолун 1968-жылы Кара-Суу районундагы "Катта-талдык" мамлекеттик асыл тукум заводунда зоотехник-селекционер болуп иштоодон баштаган. 1968-1969-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат кылган. Кийинки эки жылы ал "Катта-Талдык" мамлекеттик асыл тукум заводунда башкы зоотехник болуп эмгектенген.

Б. Осмонов Араван райондук айыл чарба башкармасынын начальнигинин орун басары, башкы зоотехниги болгон, алты жыл бою"Чоң-Алай" совхозун жетектеген, ал эми 1976-жылдан баштап 1985-жылга чейин Алай райондук аткаруу комитетинин торагасы болуп саналган. 1985-жылдан 1988-жылга чейин Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун айыл чарба жана тамак-аш онор жайы болумүн жетектеп, облустун агрардык секторунун онүгүшүнө аз эмес салым кошкон.

Б. Осмонов партиянын Токтогул райкомунун биринчи катчысы, райаткомдун торагасы болгон. 1991-жылы ал Жалал-Абад облустук Кеңешинин торагасынын орун басары, андан кийин торагасы болуп шайланган. Бир жылдан соң Жалал-Абад облусунун мамакимчилигинин башчылыгына дайындалган. 1994-жылы Б.Осмонов Ош облусунун мамлекеттик акимчилигинин башчысынын орун басарлыгына дайындалган, ал эми 1995-жылы Ош облустук Кеңешинин торагалыгына шайланган, ушул эле жылдын август айынан тартып Ош жана Жалал-Абад облустарынын токойлорунун башкы башкармасынын начальниктигине дайындалган. 1996-жылдын август айынан тартып Кыргыз Республикасынын өкмотүнүн алдындагы токой чарбасы боюнча мамлекеттик агентчиликтин деректиринин орун басары- Ош башкармасынын начальниги болуп иштеген.

Б.Осмонов райондук, облустук Кеңештердин депутаты болуп бир нече жолу шайланган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи жана экинчи чакырылышынын депутаты болгон. Анын эмгеги "Ардак белгиси" ордени, "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын эмгек сиңирген кызматкери" наамы менен белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, белгилүү ишмер, чоң адам Бекмамат Осмоновдун жаркыраган элеси элдин жүрөкторүндө сакталат.

А. Мурадиев, А. Исабаев, А. Закиров, Н.Жолдошева, А.Сатыбалдиев, З.Узагалиев, К.Наскеев, С.Бахапова, А.Кайыпов, М.Фаттахов, И.Гаипкулов, А.Тургунбаева, Ж.Раимбеков, Х.Азимов, И.Жусубалиев, Ж.Балтабаев.

---

• *Тажия*

## БЕКМАМАТ ОСМОНОВ МЕНЕН КОШТОШУУ

**Үстүбүздөгү жылдын онунчу айынын эң акыркы күнүндө Жалал-Абад дубанынын Базар-Коргон районунун Акман айлында Кыргыз республикасынын эл депутаты, депутаттардын Ош облустук жана Ош шаардык кеңештеринин депутаты, Кыргызстандын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер, көрүнүктүү коомдук жана саясий ишмер Бекмамат Осмоновдун сөөгүн жерге берүүгө жана аны менен коштошууга арналган митинг өткөрүлдү. Анда Жалал-Абад дубанынын губернатору Б. Талгарбеков, Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр жыйынынын**

## АЙКӨЛҮ ЭЛЕН АДАМДЫН

### Бекмамат Осмоновдун мүрзөсүнө гүлдесте

Баркын, баасын алган кыска өмүрдөп.
Жакшылыгы жамгыр сымак төгүлгөн,-
Кыргызымдын эр-азамат уулу элең,
Башың бийик булуттардан көрүнгөн!

Калыс элең, катуу элең, курч элең,
Карапайым элге кызмат кылчу элең.
Илебиңден чыгып турган сөздөрүң,
Шаркыраган жалын болуп турчу эле.

Жарык жүзүн жадыраган эл менен,
Өз элиңдин ар-намысын бербеген.
Адам элең-ариеттүү, дили ак,
Алыс учуп, кокко канат сермеген.

Жоомарт элең жок дегенди билбеген,
Айкөл элең адам сырын иргеген.
Суук кабарга канча жүрөк кайгырды,
"Кайран эр!"-деп калың журтуң миңдеген.

Эл милдетин өз башынан өткөрүп,
Бул турмуштун оодо-ылдыйын көп көрүп...
Көзүң өттү. Карапайым калкыңдын,
Кала берди бир капталы бөксөрүп.

Эчен ирет элиңди алга сүрөдүң,
Эссиздердин кеп-сөзүнө жүдөдүң.
Калкың тарткан кыйындыкты бүгүнкү
Которалбай калды бекен жүрөгүң?

**Жалал-Абад дубанынын губернатору Б. Талгарбеков, Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы А. Матубраимов, Кыргыз эл депутаты Д. Садырбаев, депутаттардын Ош облустук кеңешинин төрагасы А.Исабаев, маркумдун классташы, Ош облустук электр тармактар башкармасынын жетекчиси М.Алыкулов, Кыргыз Республикасынын токой чарба агентствосунун директору Ж.Рустенбеков жана башкалар сүйлөп, Б. Осмоновдун калкына калтырган эмгегин баяндап айтышты. Митингдин аягында сөз алган маркумдун бир тууганы Шермамат Осмонов казганактаган калайыкка өзүнүн туугандарынын атынан таазим этип, Бекмамат Осмоновдун ишин анын балдары, кыргыз жаштары абийирдүүлүк менен улантаарына ишенгенин билдирди.**

**Бекмамат Осмоновдун сөөгүн жерге берүү расмисине Ош, Жалал-Абад дубанынын дээрлик бардык район, шаарларынан, Бишкектен өкүлдөр катышты. Бир күн илгери маркумдун жакындарына Кыргыз республикасынын Президентинин, Өкмөтүнүн атынан премьер-министр А.Жумагулов, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси К.Жумалиев көңүл айтышканы жарыяланды.**

**Б. Осмоновдун сөөгүн жерге коюу расмисине катышкан элдин көптүгү каңырыкты түтөткөн кайгыруу анын ысымы кыргыздын жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калышын кабарлайт.**

А.САТЫБАЛДИЕВ.

Ош облустук Кеңешинин аппараты облустук Кеңештин депутаттарынын атынан Кыргыз Республикасынын эл өкүлдор жыйынынын депутаты, облустук токой чарба башкармасынын башчысы

БЕКМАМАТ ОСМОНОВИЧ ОСМОНОВДУН

дүйнөдөн мезгилсиз кайтыш болгондугуна байланыштуу үй-бүлөсүнө, тууган-уруктарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, алардын аза кайгысын тең бөлүшөт.

Ош облустук токой чарба башкармасынын жана токой чарбаларынын жамааттары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр палатасынын депутаты, Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн алдындагы токой чарба агентствосунун директорунун орун басары, Ош облустук токой чарба башкармасынын башчысы

ОСМОНОВ БЕКМАМАТТЫН

дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу үй-бүлөсүнө, жакын туугандарына терең кайгыруу менен көңүл айтат.

Адам элең аристүү, дили ак,
Алыс учуп, кокко канат сермеген.

[illegible]
Которалбай калды бекен жүрөгүң?

Кармышак ТАШБАЕВ, акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

# КАЙРАН БААТЫР КОШ ЭМИ!

Барпайган элиң үчүн баатыр элең,
Ак таңдай акындарга -акын элең.
Бел болуп суук шамалга төштү тосков,
Элимдин салт, сабыры, акылы элең!

Калкыңа хан Бакайдай карап элең,
Шум ажал касташтыбы, кайран баатыр!
Топ келген телегейиң-кудай берген,
Кучакты чоң-кичүүгө жайган баатыр.

Элиңдин бийиги элең, эл которгон,
Шум ажал эл колунан кетти жулуп,
Энелер бир кылымда бир торогон,
Уулу эле Намыс үчүн калган туулуп!

Кыстоодо акыл тапкан кеңеши элең,
Кадимки эр Манастын иниси элең.
Аргам жок, кош дебеске Кайран баатыр!
Бул ажал кимди аяп, кимди иргеген.

Элиңдин бир каппыты эңшерилди,
Оопаасыз бул жашоонун оңү кокмок,
Кайрылбас кайран омүр касиеттүү,
Үй-бүлөң, жумурай журт коз жаш токсок...
Арга жок, кош дебеске, агатайым!

Тазагүл ЗАКИРОВА, акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери.

# БЕКМАМАТ

Ал минген буудан курч эле,
асманга боюн урчу эле.
Астана аттап кирсе өзү,
Ак үйлөр топук кылчу эле.

Күргүштөп аккан дайрадай,
күпүлдөп турчу байма-бай.
Мыйзамдан артык мырзам ,деп
микрофондор жандап-ай!

Оюнда орчун маселе,
Ошону уккан мас эле.
Сөөгүңө тарс деп-кезесе,
сөөмөйдүн учу таш эле.

Сөөлөтү-сөөлөт ашынган,
дөөлөтү ага жашынган.
Кишинин тургай жактырса,
кийимдин багы ачылган.

Жүрдү эле десек бийликте,
Жүрүптүр андан бийикте:
бермет сөз, тарых, мурасты,
- Бекмамат аткан кийик де.

Тасмалдай жайып чоңтогун,
дарбадар кылып жоптогун...
Мектеби экен мекендин = а,
Эркеги экен өлкөнүн!

Жаңылып, мүргүп—түз неме,
жаңырып,дүргүп—бүттүбү - ээ?!
Саламга toктой калса да,
Заманга окшой түшчү эле.

Беренге белен салмакны,
Бекмамат болуш—ардак бу.
Балдары тургай
жер тиктеп,
балбандар "жетим" калмакпы?!

Туугандар тургай
мостоюп,
душмандар "жетим" калмакпы?!

Кожогелди КУЛТЕГИН, акын, Алыкул Осмонов атындагы сыйлыктын лауреаты